КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

**Д 13.11.023 диссертациялык кеңеши**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 371:371.3(575.2)(043.3)**

**МИТАЛИПОВ КАМАЛИДИН МИТАЛИПОВИЧ**

# ЭЛДИК ПЕДАГОГИКАНЫН НЕГИЗИНДЕ БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНДА ТОЛЕРАНТТУУЛУКТУ КАЛЫПТАНДЫРУУ

13.00.01 – **жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы**

**Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек-2012**

Диссертациялык иш Баткен мамлекеттик университетинин Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун педагогика жана психология кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** педагогика илимдеринин доктору, профессор **Бабаев Дөөлөтбай Бабаевич**

**Расмий оппоненттер:** педагогика илимдеринин доктору **Муратов Абдикерим Жаркынбаевич**
педагогика илимдеринин кандидаты **Адилова Гүлпери Идирисовна**

**Жетектөөчү мекеме:** Жалал-Абад мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасы. Дареги: 715600, Жалал-Абад ш., Ленин көчөсү., 57.

Диссертация 2012-жылдын 30-мартында саат 15.00дө И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д 13.11.023 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот.

Дареги: 720026, Бишкек шаары, И.Раззаков көчөсү, 51.

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2012-жылдын 29-февралында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
педагогика илимдеринин доктору,
доцент Чоров М.Ж.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Жаш муундарды инсан катары жетилтүүдө аларда толеранттуулук сапаттарды калыптандыруунун мааниси чоң. Азыр дүйнө жүзүндө түрдүү себептердин натыйжасында келип чыккан чыр-чатактардын, миграциянын, аргасыз өз мекенин таштап кетүүнүн, экстремизмдин ж.б. социалдык көрүнүштөрдүн күчөшү жаш муундарда толеранттуу аң-сезимди, жүрүм-турумду жана толеранттык жактан даяр инсанды калыптандыруу проблемасын жаратты. Дүйнөдө жүрүп жаткан бул процесстен Кыргыз Республикасы да четте калган жок, түрдүү өлкөлөрдүн атуулдарынын биздин өлкөгө келип жатышы жыл сайын көбөйүүдө, ал эми биздин мамлекеттин атуулдары да башка өлкөлөргө (айрыкча Россияга, Казакстанга ж.б.) мамлекеттерге барып иштөөгө аргасыз болушууда. Республикада жүрүп жаткан мындай миграциялык процесстер ар түрдүү улуттун өкүлдөрүнүн ортосунда карым-катыштын, өз ара мамилелешүүнүн өрчүшүнө алып келүүдө.

Кыргыз Республикасында 80ден ашык улуттардын өкүлдөрү жашайт. Ошондуктан этностор аралык мамиленин өзгөчөлүктөрү (XX кылымдын 90-жылдарындагы жана 2010-жылдын июнь окуяларындагы улуттук негиздеги кагылышуулар, диний экстремисттердин жана секталардын жүргүзүп жаткан иштери, террорчу уюмдардын аракеттери ж.б.) жаш муундарыбызда толеранттуулук сапатты калыптандырууну мектептин окуу-тарбия процессинин күн тартибине койду.

«Толеранттуулук» термини латын тилинен алынган, **tolerantio** орусча «**терпение**», **«снисходительность»,** кыргызча **«сабырдуулук», «чыдамкайлык», «көтөрүмдүүлүк»** деген маанилерди туюнтуп, адамдардын улутуна, түсүнө, динине жана кайсы жердик экендигине карабастан бири-бирине карата адептүүлүк, сабырдуулук менен мамиле жасоого алып келүүчү сапат болуп саналат [Большой иллюстративный словарь иностранных слов. -М.: АСТРЕЛ, АСТ, 2002, -с.787.].

Жаш муундарды ыймандуулукка, адептүүлүккө, эмгекке жана толеранттуулукка ж.б. сапаттарга тарбиялоодо элдик педагогиканын мүмкүнчүлүктөрү чоң. Анткени элдик педагогика узак кылымдар бою элдин ишмердүүлүгүнүн натыйжасында жаралган жана элдин оозеки чыгармачылыгында, үрп-адаттарында, каада-салттарында ж.б. сакталып, муундан муунга берилип, жаш муундарды тарбиялоону ишке ашырып келе жаткан өз салтына ээ. Бүгүнкү күндө да жаш муундарды толеранттуулукка калыптандырууда элибиздин көп кылымдар бою жараткан элдик педагогикасындагы бай тажрыйбаларын пайдалануунун мааниси өзгөчө.

Инсандын сапаттарын калыптандырууда башталгыч класстагы курак өзгөчө мааниге ээ. Бул куракта окуу ишмердиги башталгыч мааниге ээ. Окуучулар окуткан мугалимин идеал катары тутушат, ошондуктан мугалимдин тарбиялык таасири да күчтүү болот. Башталгыч мектепте окулуп жаткан предметтер катары "Адабий окуу", "Эне тили", "Адеп", "Мекен таануу" ж.б. окуу китептеринде элдик педагогиканын бай тажрыйбалары камтылган: жомоктор, уламыштар, макал-лакаптар, табышмактар ж.б. фольклордук чыгармалар окуу материалдары катары китептердин мазмунунда орчундуу орунду ээлейт.

Биздин Республикада болуп өткөн июнь окуялары мамлекет менен коом көп жылдар бою көз жаздымда калтырып келген улуттар аралык мамилелердин проблемасын ачып көрсөттү. Бул проблема мектеп окуучуларынын арасында аларды толеранттуулукка тарбиялоо багытында тарбиялык иштерди учурдун талабына жараша жүргүзүүнү, улуттар аралык араздашууну алдын алуу үчүн окуучуларды сабырдуу жүрүш-туруштун жана кызматташтыктын жөндөмдөрүнө калыптандыруу керек экендигин көрсөттү.

Кыргыздардын элдик педагогикасынын түрдүү аспектилерин окумуштуу-педагогдор Х.Ф.Анаркулов, Б.Апышев, Ж.Бешимов, А.Э.Измайлов, Н.И.Имаева, Т.Ормонов, М.Р.Рахимова, С.Рысбаев ж.б. тарабынан изилденген. Ошондой эле илимпоз педагогдорунун бир тобу А.Алимбеков, Н.А.Асипова, С.О.Байгазиев, И.Б.Бекбоев, С.И.Иптаров, А.Т.Калдыбаева, Э.М.Мамбетакунов, А.Ж.Муратов ж.б. элдик педагогикалык ойлорду жогорку окуу жайлардын жана мектептин окуу-тарбия иштерин этнопедагогикалык

багытта өркүндөтүү проблемаларын изилдөөдө, бул илимди түптөөгө өз салымдарын кошуп келе жатышат.

Жүргүзүлгөн анализдер төмөнкүдөй карама-каршылыктардын орун алгандыгын аныктады:

- кылымдар бою жаралган кыргыздардын элдик педагогикасындагы жаш муундарды тарбиялоо идеяларын жана тажрыйбаларын пайдалануу боюнча окумуштуулар тарабынан изилдөөлөр жүргүзүлүп, элдин тарбиялоо салты жана тажрыйбалары белгилүү деңгээлде бүгүнкү мектептин практикасында колдонулуп жаткандыгына карабастан, элдик педагогиканын негизинде башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруу проблемасы атайын изилдөөгө алына электиги;
- Кыргыз Республикасында улуттар аралык ынтымакчылыктын жоктугу жана жаш муундардын арасында толеранттуулук багытта системалуу тарбиялык иштердин жүргүзүлбөй келе жаткандыгы.

Жогоруда айтылгандардын негизинде изилдөөнүн **актуалдуулугу** төмөндөгүдөй жагдайлар менен тастыкталды: башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандырууда кыргыз элинин тарыхый өнүгүшүндө жаралган тарбиянын бай мурастарынын бүгүнкү күнгө чейин максаттуу пайдаланылбай келе жаткандыгы; элдик педагогиканын негизинде башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруунун технологиясынын теориялык-методологиялык негиздерин иштеп чыгуунун тиешелүү деңгээлинде аныкталбагандыгы. Республикабызда улуттар аралык келишпестиктердин жана чыр-чатактардын алдын алуу максатында жаш муундарда сабырдуулукту өнүктүрүүгө тарбиялоо менен биз өлкөбүздүн жана бүткүл дүйнөнүн элдеринде бейпил жана үзүрлүү келечекти камсыз кылууга өзүбүздүн салымыбызды кошобуз, деген максат койдук.

Жогоруда айтылгандардын негизинде изилдөөбүздүн темасын **«Элдик педагогиканын негизинде башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруу**» деп тандап алдык.

**Диссертациялык иштин илимий изилдөө иштеринин тематикалык планы менен байланышы:** диссертациялык изилдөөнүн темасы Баткен мамлекеттик университетинин илимий изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн негизги максаты** – башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулук түшүнүктөрүн, көндүмдөрүн калыптандыруунун шарттарын аныктоо жана аны илимий-методикалык жактан негиздөө, практикада колдонуунун жолдорун, ыкмаларын иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн милдеттери**:

- башталгыч класстын окуучуларына тиешелүү болгон толеранттуулук түшүнүктөрүнүн мазмунун жана көндүмдөрдүн элементтерин аныктоо;
- педагогикалык-психологиялык адабияттарды талдоо аркылуу толеранттык таануу, кабыл алуу, түшүнүү сыяктуу түшүнүктөрдү калыптандыруунун илимий-методологиялык мазмунун тактоо;
- окуучуларда толеранттуулукту калыптандырууга тиешелүү болгон окуу материалдарын элдик педагогиканын каражаттарынан тандап алуунун илимий негиздерин аныктоо;
- элдик педагогикадагы толеранттуулук идеяларын мектептин окуу-тарбия процессине колдонуунун шарттарын жана технологияларын аныктоо;
- изилдөөнүн максатына жана милдеттерине ылайык окуучуларда толеранттуулукту калыптандыруу боюнча педагогикалык эксперименттин мазмунун иштеп чыгуу жана практикада колдонууну текшерүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

- элдик педагогиканын негизинде башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруунун мазмуну аныкталды жана элдик педагогикадагы

толеранттуулук идеялары, толеранттык таануу, кабыл алуу, түшүнүү сыяктуу түшүнүктөргө мазмундук жактан тактоолор киргизилди жана тастыкталды;

- башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруунун педагогикалык шарттары жана интерактивдүү технологиялары аныкталып, ал окуу-тарбия процессине киргизилди;
- элдик педагогиканын негизинде башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруунун модели негизделди жана иштелип чыкты, анын негизги көрсөткүчтөрү жана денгээлдери аныкталды.
- окуучуларда толеранттуулук түшүнүктөрүн калыптандыруунун негизги компоненттери жана технологиялары иштелип чыкты, методикалык сунуштардын натыйжалуулугу педагогикалык эксперимент аркылуу далилденди;

**Алынган жыйынтыктардын практикалык маанилүүлүгү:** элдик педагогикадагы салттарды, каражаттарды, тарбия усулдарын жана ыкмаларын мектептердин иш практикасына киргизүүгө өбөлгө түзүлдү.

- элдик педагогиканын каражаттарын пайдалануу менен башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруунун технологиясы иштелип чыгылды жана аны мектептерде колдонуу боюнча мугалимдер үчүн методикалык сунуштар берилди;
- ЖОЖдун «Педагогика жана БББУ» адистигинин студенттери жана башталгыч класстын мугалимдери үчүн окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоого багытталган окуу-усулдук колдонмо жазылып, толеранттуулукту калыптандыруучу тарбиялык сабактардын иштелмелери, усулдардын топтому даярдалып, мектеп практикасына киргизилди.
- иштелген сунуштар ЖОЖдун студенттеринин педагогикалык практикасын уюштурууда жана «Тарбиялоо иштеринин методикасы» курсунун лекциялык жана практикалык сабактарын окутууда пайдаланылат.

**Изилдөөнүн негизги жоболору:**

- окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоо көп маданияттуу тарбия берүүнүн бир булагы;
- башталгыч класстын окуучуларында элдик педагогиканын негизинде толеранттуулукту калыптандыруунун мазмуну жана технологиясы;
- башталгыч класстын окуучуларында элдик педагогиканын каражаттарын пайдалануу аркылуу толеранттуулукту калыптандыруунун натыйжалуулугу, анын критерийлери жана деңгээлдери;
- элдик педагогиканын элементтери аркылуу башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандырууну ишке ашыруу үчүн иштелип чыккан педагогикалык шарттар, формалар, усулдар жана ыкмалар.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы:** элдик педагогиканын каражаттарын пайдалануу аркылуу башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруунун жолдору, интерактивдүү технологиялары, педагогикалык шарттары аныкталып; толеранттуулук түшүнүктөрдү, көндүмдөрдү калыптандыруу боюнча илимий-методикалык сунуштар иштелип, мугалимдер үчүн «Кенже класс окуучуларын макал-лакаптар аркылуу толеранттуулукка тарбиялоо» аттуу усулдук колдонмо даярдалды.

**Изилдөөнүн натыйжасы төмөнкүлөрдө баяндалды жана талкууга алынды:**

Изилдөөнүн жыйынтыгы БатМУнун Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун педагогика жана психология кафедрасында, Баткен облусунун Кадамжай районунун, Кызыл-Кыя шаарынын, Ош облусунун Ноокат районунун мектеп мугалимдеринин усулдук кеңешмелеринде талкууланып, мугалимдерге семинарлар, тегерек столдор уюштурулган. БатМУнун “Кыргызстандын түштүк батыш регионунун илимий гуманитардык актуалдуу маселелери” (2005-ж.), ОшМУда өткөн Республикалык илимий-теориялык конференция (2005-ж.), “Международная научная конференция к 80 летию со дня рождения Ч.Айтматова” (2008-ж.), И.Арабаев атындагы КМУнун “Модернизация высшей

школы в переходной период: состояние и перспективы” к 50 летию КГПУ им. И.Арабаева” (2002-ж.), “2006-жылдагы И.Арабаевдин 125 жылдыгына карата илимий-практикалык конференциянын материалдары” (2007-ж.), Фергана мамлекеттик университетинде “Республика илмий-аммалият анжуман материаллари”(2007-2008-жж.), Республиканская научно-практическая конференция, Узбекский научно исследовательский институт педагогических наук им. Кары Ниязи, Ташкент, (2006-ж.) баяндалып талкууланды.

**Изилдөөнүн натыйжасынын макалаларда толук чагылдырылышы:**

Диссертациянын негизги теориялык жоболору диссертанттын 19 илимий усулдук макаласында чагылдырылды, алардын ичинен 2 окуу-усулдук иштелме, 17 макала.

**Диссертациянын түзүлүшү.** Диссертациялык иш изилдөөнүн илимий негизин камтыган киришүүдөн, үч главадан жана алардан пайда болгон жыйынтыктардан, жалпы корутундудан, пайдаланылган 152 адабияттардын тизмесинен, 5 сүрөттөн, 7 таблицадан жана 5 тиркемеден турат. Адабияттардын тизмесин жана тиркемелерди кошпогондо, диссертациянын көлөмү 132 бет.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Элдик педагогика дүйнөлүк маданиятын бир бөлүгү катары элдин өз идеалына ылайык адамдарда гумандуулукту, өз жерин сүйүүнү, адамгерчиликти, эмгекчилдикти, жашоого ишенимдүү кароону калыптандырып, акылман ойлорду, турмуштук тажрыйбаларды топтоп, жалпы элдин педагогикалык маданиятын жаратып, муундан-муунга өткөрүп келген. Башка улуттар сыяктуу эле кыргыз эли да көп кылымдар бою жараткан, топтогон элдик педагогикалык маданиятын бүгүнкү күнгө жеткирип олтурат.

Элдин узак кылымдар бою топтогон педагогикалык тажрыйбаларын ар тараптан изилдеп, бүгүнкү илимий педагогиканы ар тараптуу байытуу – этнопедагогиканын башкы милдеттеринин бири болуп саналат.

Элибиздин тарбия салтында өсүп келе жаткан жаштарга «кечиримдүү бол!», «боорукер, кичи пейил бол!» деген насааттар айтылып, эл кастарлаган ыймандуулук, адептүүлүк, толеранттуулук ж.б. идеялар аларга бала кезинен кулагына куюлушу кыргыз элинин жашоо философиясында адамдардын, элдердин ортосунда ынтымакчылыктын, толеранттуулуктун орношу чоң мааниге ээ экендигин көрсөтүп турат.

Профессор А.Г.Асмолов толеранттуулукту адамдын жүрүм-турумуна карама-каршы келген жүрүм-турум үлгүлөрүнө көтөрүмдүүлүк, чыдамдуулук менен мамиле жасоо катары эсептеп: «Толеранттуулуктун башкы белгиси өмүргө, жашоого коркунуч туудурган адамдар менен да алакага баруу, алакалашуу» деген аныктамасын берген [Асмолов, А.Г. Формирование установок толерантного сознания: что могут СМИ? [Текст] //Век толерантности. -М.: 2003, № 5. -С. 9.].


Толеранттуулук көп улуттуу өлкөлөрдө ар башка элдерди бейпил турмушта жашоосун камсыз кылуучу механизм катары адамдардын этностук, улуттук өзгөчөлүктөрүнө карабастан, бири-бири менен ынтымакта жашоосунун өбөлгөсү болуп саналат.

Педагогика жана психология илимдеринде “толеранттуулук” терминине берилген аныктамаларда бул түшүнүк өз ичине **токтоолук, чыдамкайлык, көтөрүмдүүлүк, сабырдуулук, кечиримдүүлүк, мээримдүүлүк** сапаттарды камтый тургандыгы ачык көрүнөт. Кыргыз элинде жогоруда аталган сапаттарды элдик педагогиканын каражаттары аркылуу калыптандыруу салты калыптанган.

Этнопедагогика илиминин негиздөөчүсү, академик Г.Н.Волковдун пикири боюнча, «илимий педагогиканын мындан ары өсүп-өнүгүшү элдик педагогиканын бай тажрыйбасын жаш муундарды тарбиялоодо колдонуу менен байланыштуу» [Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы. I бөлүк. [Текст]/ А.Алимбеков - Б., 1996.-69 б.].

Элдик педагогика жаш муундарды тарбиялоонун түгөнгүс казынасы. Элдик педагогиканын багыттары көп тармактуу, ал 1- сүрөттө берилди.

Элдик педагогиканын негизги багыттары төмөнкү сүрөттө чагылдырылды (1-сүрөт).




**1-сүрөт. Элдик педагогиканын багыттары.**

С.Башиева, А.Геляева толеранттуулукка төмөнкүдөй аныктама беришкен: «Толеранттуулук – өзгөчө формадагы дүйнөнү кабылдоо, өзүн башкара билүү жана өзүн көзөмөлдөө; эмоцияга алдырбоо, кырдаалга акыл-эс менен баа берүү жана иш жасоо, чечимге келүү, башка бирөөнүн терс жана кыжыр келтирген мамилесине, жүрүм-турумуна көтөрүмдүүлүк менен мамиле жасоо» [Башиева С., Геляева А. Толерантность и норма как основа этнического мировидения народов Кавказа (лингвокультурологический аспект). [Текст] //Век толерантности. -М.: № 6. 2003. -С.91.].

Философиялык, психологиялык, социалдык психологиялык, социологиялык адабияттардагы ойлорду биз жалпылап **толеранттуулук** – өзүнө, өзүн курчаган адамдарга көтөрөмдүүлүк, сабырдуулук менен мамиле жасоо, өзүн башка бирөөнүн ордуна коё билүү, дүйнөгө башка бирөөнүн көзү менен карай билүү, адамдардын түсүнүн, дининин, ой-пикиринин, көз караштарынын башкача экендигине карабастан, бардык адамдардын ой-пикирине, ишенимдерине урматтоо менен мамиле жасоо деген бүтүмгө келдик.

Биздин пикирибизче толеранттуулукту жеке адамдагы, башка этностордогу өзгөчөлүктөргө көтөрүмдүү, сабырдуу, кең пейил мамиле жасап, өзү сыяктуу эле алардын да толук кандуу өмүр кечиришине тоскоолдук кылбоо деп түшүнөбүз. Анын эң негизги кызматы адамдардын жана элдердин ынтымакчылыкта жашоосун камсыз кылуу деп эсептейбиз.

Кыргыздардын этномаданияттык баалуулуктар тутумунда толеранттуулук түшүнүгү «жакшылык», «ынтымактуулук», «токтоолук-көтөрүмдүүлүк», «сабырдуулук», «жардам берүү», «сыйлоо-урматтоо» түшүнүктөрү менен тыгыз байланышта каралат. Анткени ал түшүнүктөр бири-бирин толуктап, адамдын реалдуу жүрүм-турумундагы **толеранттуулукту** тагыраак жана тереңирээк чагылдырат.

Башталгыч класстын окуучуларын толеранттуулукка тарбиялоодо жогоруда аталган сапаттарды калыптандырууну негизги максат катары карадык.

Толеранттуулук идеялары кыргыз элдик педагогикасынын каражаттарында: жомоктордо, каада-салттарда, макал-лакаптарда ж.б. кеңири орун алган. Ошондуктан аларды пайдалануу аркылуу башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулук түшүнүктөрүн: жакшылык, ынтымактуулук, бири-бирине жардам берүү, сыйлоо, көтөрүмдүүлүк, сабырдуулук сапаттарды калыптандыруунун эң ыңгайлуу мезгили болуп саналат.

Толеранттуулукту калыптандыруунун негизги максаты – башталгыч класстын окуучуларында адамды сүйүү, урматтоо сезимдерин, ынтымакта жашоого умтулуу, сабырдуулук, көтөрүмдүүлүк, чыдамкайлык, токтоолук, кечиримдүүлүк, өзүн-өзү башкара билүү, жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү, чыр-чатак кырдаалынан чыга билүү ж.б. сапаттарды калыптандыруу болуп саналат.

Биз башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруу дегенде **толеранттуулук** жөнүндөгү түшүнүктөрдү жана толеранттуулук мамиленин коомдогу маанисин үйрөтүп, окуучуларда сабырдуулук, сылыктык, агрессиянын жоктугу сапаттарды жана жүрүм-турум мотивдерин калыптандырууну жана сабырдуу, көтөрүмдүү жүрүм-турум көндүмдөрүнө ээ кылууну түшүнөбүз.

Изилдөөдө окуучулардын толеранттуулук жөнүндөгү түшүнүктөрүн, көндүмдөрүн калыптандырууга таасир этүүчү факторлору аныкталды. Алар: окутуу процессинин максаты, окуучулардын өздүк муктаждыктары, жалпы коомдук муктаждыктар жана улуттук маданият.

Толеранттуулук сапаттарды калыптандыруу дегенде жаш муундардын дүйнөгө болгон көз карашын тарбиялоо, ыймандуулукка негизделген социалдык көндүмдөргө ээ кылууну түшүнөбүз. Аларда сабырдуулук, көтөрүмдүүлүк, адамды сүйүүнү жана урматтоону, ынтымакта жашоого умтулууну, сылыктыкты, чыдамкайлыкты, токтоолукту, кечиримдүүлүктү, ак көңүлдүктү, мамилечилдикти, агрессиянын жоктугун ж.б. сапаттарды калыптандыруу менен окуучулардын жан дүйнөсүн өнүктүрөбүз.

Жогоруда айтылгандарга негизденип толеранттуулукту калыптандыруунун төмөнкүдөй компоненттери аныкталды, ал 1.1 таблицада чагылдырылды.

**Таблица 1.1 Толеранттуулукту калыптандыруунун компоненттери.**

| | |
|---|---|
| **Максат** | Элдик педагогиканын негизинде башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруу |
| **Милдеттер** | Толеранттуулукка тарбиялоонун технологияларын, (методикаларын) иштеп чыгуу<br>Элдик педагогикадагы таалим-тарбия салттарын толеранттуулукка калыптандырууда пайдалануу |
| **Каражаттар** | Макал-лакаптар, накыл сөздөр, жомоктор, каада-салттар, үрп-адаттар, ырым-жырымдар, оюндар |
| **Жолдору** | Класстык жана класстан тышкаркы тарбиялык иштер. |
| **Усулдары** | Айтып берүү, аңгемелешүү, түшүндүрүү, талкуу, оюн технологиялары (ролдук оюндар ж.б.), кичи (мини) лекция, чакан топтордо иштөө. |
| **Натыйжа** | 1.Башталгыч класстын окуучуларын толеранттуулукка калыптандыруу (толеранттык түшүнүктөрдү калыптандыруу) |

| | |
|---|---|
| | 2. Көтөрүмдүүлүк, сабырдуулук, чыдамкайлык сапаттарын калыптандыруу.<br>3.Толеранттуу жүрүм-турум жасоого үйрөтүү, сүйлөшүүгө дилгирлик, сабырдуулук, адептик жүрүм-турумга көнүктүрүү. |
| **Иштин натый-жасын тек-шерүүнүн жолдо-ру** | 1. Толеранттуулук түшүнүгүн чечмелеп берүү.<br>2. Бөтөн адамдардын жүрүм-турумунан толеранттуу жүрүм-турумду байкоо жана ажыратып биле алышы.<br>3. Толеранттуулукту чагылдырган макалдарды тандап алуу жана чечмелей билүү.<br>4. Толеранттуулукту сапатка көркөм тексттен жана күндөлүк турмуштан мисал келтире алуу.<br>5. Толеранттуулук жана интолеранттуулук жүрүм-турум түшүнүктөрүн бири – биринен ажырата билүү.<br>6. Толеранттуулук жүрүм-турумдун сапаттары: жакшылык, мээримдүүлүк, токтоолук, көтөрүмдүүлук, достук, мамиле адеби, инсандык түшүнүктөргө ээ болуу. |

Жаш муундарды инсан катары жетилтүүдө окуу жана тарбия процесстеринин ролу чоң. Башталгыч класстын окуу-тарбия процессин уюштурууда адамзат тарыхында жаратылган билимдердин тутумун өсүп келе жаткан жаш муундарга өткөрүп берүүнүн эң негизги формасы ишке ашат.

Окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө, таанып-билүү жөндөмдүүлүгүнө ылайык башталгыч класстарда интеграцияланган предметтер окутулуп, андагы эң негизги милдет болуп окуучуда окуу билгичтигин калыптандыруу болуп эсептелинет.

Башталгыч класстын окуучуларына «Адабий окуу», «Кыргыз тили», «Мекен таануу», «Адеп» ж.б. сабактарында элдик педагогиканын каражаттары аркылуу сабырдуулук, көтөрүмдүүлүк, чыдамкайлык, боорукердик ж.б. сапаттарды түшүндүрүү, ал сапаттардын маанисин жана мазмунун үйрөтүү менен алардын дүйнөнү түшүнүүсүн, дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырып, окуучуларды толеранттуу жана маданияттуу жүрүм-турум эрежелерин сактоого, башкалардын пикирин урматтоо жана кечиримдүү мамиле жасоого үйрөтөт.

Жаш муундарда толеранттуулукту калыптандыруунун өзгөчө коом, элдин маданияты үчүн, айрыкча бөтөн улуттун өкүлдөрү менен карым-катыш жасоо маданиятын өнүктүрүүдө ролу чоң.

Ушул максатта 1-4-класстын окуучуларынын «Алиппе», «Кыргыз тили», «Адабий окуу», «Мекен таануу», «Адеп» ж.б. окуу китептерин талдоодо элдик педагогиканын элементтери белгилүү денгээлде болсо да киргизилгендиги белгилүү болду. Окуу-тарбия процессинде башталгыч класстын окуучуларында аталган окуу китептеринин толеранттуулукту калыптандырууда колдонуу мүмкүнчүлүгүн талдоого алдык жана аны кошумча окуу материалдары менен толуктадык. Алгач ар бир предмет боюнча окуу китептериндеги башталгыч класстын окуучуларын толеранттуулукту калыптандырууда колдонулуучу элдик педагогиканын каржаттарын таап белгилеп алдык. Мисалга алсак, А.Токтомаметовдун "Адабий окуу" (2-класс) окуу китебинде "Татыктуу дос болуу - баарынан кымбат","Бирөөгө кылган жамандык иш- өз башына муш" ж.б.у.с. макалдар жана "Ырыс алды - ынтымак" деген кыргыз эл жомогу башталгыч класстын окуучуларын толеранттуулукту калыптандырууда колдонулду.

Башталгыч класстын окуучуларын толеранттуулукка тарбиялоону натыйжалуу жүргүзүү үчүн алардын курактык, психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен толеранттуулук сапаттарды калыптандырууну кандайча жүргүзүүнү, эмнелерди аткаруу керектигин аныктап алууга мүмкүндүк берди.

Психологиялык-педагогикалык адабияттардагы теориялык көз караштарга негизделип элдик педагогиканын каражаттары аркылуу башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандырууда төмөнкүдөй принциптердин негизинде эксперименттик иштер жүргүзүлдү.

Башталгыч класстын окуучуларына бир аз оор болгон, бирок алар үйрөнүп кете алган эксперименттик тапшырмаларды берүү аркылуу толеранттуулукту калыптандыруу.

Окуучуларга толеранттуулук түшүнүктөрдү үйрөтүү, алардын жүрүм-турумунун толеранттуу болушуна алып келет деген максатта окутуу принциптерине таянуу менен

башталгыч класстын окуучуларына атайын иштелип чыккан бир аз мазмундагы татаал окуу материалдарын колдонуу тарбиялык иштердин натыйжалуулугун арттырат деген пикирге келдикБашталгыч класстын окуучуларында элдик педагогиканын негизинде толеранттуулук (сабырдуулук) түшүнүгүнүн максаты, милдети жана мазмуну такталгандан кийин толеранттыктын моделин түзүп алдык. Бул модел 2.1 таблицада берилди.

**Таблица 2.1. Башталгыч класстын окуучуларында элдик педагогиканын негизинде толеранттуулукту калыптандыруунун модели:**

**Максаты:** башталгыч класстын окуучуларында адамды сүйүү, урматтоо сезимдерин, ынтымакта жашоого умтулуу, сабырдуулук, көтөрүмдүүлүк, чыдамкайлык, токтоолук, кечиримдүүлүк, өзүн башкара билүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү, чыр-чатак кырдаалынан чыга билүү ж.б. сапаттарды калыптандыруу болуп саналат.

**Милдети:** толеранттуулукту калыптандыруунун принциптерин, методдорун, каражаттарын жана алынуучу натыйжаларды аныктоо.

Толеранттуулукту калыптандыруунун принциптери:
Окуучулардын курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу.
Элдик педагогиканын каражаттарынан толеранттуулук идеядагы материалдарды топтоо.
Толеранттуулукка тарбиялоонун методдорун интеграциялап колдонуу
Интерактивдүү методдорду колдонууга басым жасоо

Толеранттуулукту калыптандыруунун технологиясы: Салттуу методдор (айтып берүү, түшүндүрүү), макалдар менен иштөө, мугалимдердин жүрүм-турум үлгүсү.
Интерактивдүү технология:
Дискуссия, оюндар, кичи топто иштөө.

Башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруунун мазмуну

Толеранттык таануу
Толеранттык кабыл алуу
Толеранттык түшүнүү
Толеранттык ынануу

Толеранттуулук жүрүм турум
Толеранттуу жүрүм-турум көндүмдөрү, адаттары, тажрыйбалары толеранттык көз караш

Толеранттык Сезимдер
өзүн-өзү сыйлоо жана урматтоо, башка адамдарды сыйлоо, урматтоо, адамдарга болгон ишеним, толеранттык маданият

Инсандын толеранттуулук сапаттары: токтоолук, сылыктык, ак көңүлдүк, сабырдуулук, мамилечилдик, агрессиянын жоктугу, чыдамкайлык,ишеним, сүйлөшүүгө дилгирлик

Башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруу

Жогоруда айтылган теориялык жана методологиялык маселелер, мектептеги толеранттуулукка тарбиялоонун азыркы абалы боюнча мугалимдер жана окуучулар менен жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктары, тарбия процессинде кыргыз элдик

педагогикадагы тарбиялык идеяларды пайдаланып, башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандырууга багытталган эксперименттик иштерди уюштурууга жана жүргүзүүгө негиз болду.

2.2. Таблицада башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруунун технологиялары жана алардын кызматтары чагылдырылган.

**Таблица 2.2 -Окуучуларда толеранттуулукту калыптандырууга багытталган окутуу технологиялары жана алардын милдеттери**

| Толеранттуулукка тарбиялоонун технологиясы | Негизги милдеттери |
|---|---|
| Айтып берүү | Толеранттуулук сапаттын мазмунун жана маанисин ачып берет, анын турмуштагы зарылдыгын билүүгө алып келет |
| Түшүндүрүү | Толеранттуулукту башка сапаттардан айырмалай билүүгө мүмкүнчүлүк берет |
| Аңгемелешүү | Толеранттуулуктун жашоодогу ордун ачып көрсөтөт, толеранттуулукту терең билүүнү камсыз кылат |
| Макал-лакаптар менен иштөө | Элдик оозеки чыгармаларга, анын ичинде макалдарды үйрөнүүгө болгон кызыгууну жаратат, белгилүү сандагы макалдарды билип калууга алып келет. Макалдардын маани-мазмунун чечмелөөгө үйрөтөт. Макалдардагы толеранттуулук идеяларды өздөштүрүүгө алып келип, окуучуларды толеранттуулукка тарбиялайт |
| *Интерактивдүү окутуунун технологиялары* | |
| Оюндар (ролдук оюндар) | Толеранттуулук сапатты, түшүнүктү, адатты терең өздөштүрүүгө түрткү берет, толеранттуулукту башка сапаттардан айырмалай билүүгө үйрөтөт |
| Кичи топтордо иштөө, «Акыл чабуулу», «Кластер» | Толеранттуулук түшүнүгүнүн мазмунун терең түшүнүүгө алып келет. Адамдар менен өнөктөшүп иштөөгө көнүктүрөт, алдында пайда болгон проблеманы башкалар менен биргеликте чечүү адатына көнүктүрөт. Окуучуларга өз алдынча ой жүгүртүүгө, өз пикирин негиздөөгө, далилдөөгө мүмкүнчүлүк берет |
| Жуп-жубу менен иштөө | Топто иштөөгө, өнөктөшүнүн пикирин уга билүүгө жана түшүнүүгө, толеранттуулукту терең аңдап билүүгө мүмкүнчүлүк ачат |
| Талкуу | Окуучуларды талкууга катышуу көндүмдөрүнө ээ кылат, сүйлөгөндө негиздүү сүйлөөгө, өз пикирин коргой билүүгө көнүктүрөт, сөз болуп жаткан нерсени терең түшүнүүгө жана анын айланасында ой жүгүртүүгө көнүктүрөт. Толеранттуулук жана интолеранттуулук сапаттарды айырмалай билүүгө, толеранттуу жүрүм-турум жасоо мотивдеринин пайда болушуна алып келет. Толеранттуулук жүрүм-турум адатын калыптандырат |

Педагогикалык технология билим берүү процесси менен окутуу-тарбиялоо процессинин ортосундагы байланыштыруучу звено катары окуу ишмердүүлүгүн башкарууга мүмкүндүк жаратат жана инсандын өсүп-өнүгүшүнө өзүнүн оң таасирин тийгизет.

Изилдөөнүн максатына, милдетине ылайык жана илимий гипотезаны текшерүүдө төмөндөгүдөй окутуу жана тарбия технологиялары: салттуу усулдар **(айтып берүү, түшүндүрүү, аңгемелешүү)**, окутуунун жана тарбиялоонун жаңы технологиялары **(талкуу, оюн технологиялары, сынчыл ойлом)** колдонулду. Аталган технологияларды

пайдаланууда окуучулардын курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алдык. Окуучулардын сабак учурундагы таанып-билүү активдүүлүгүн жогорулатуу жана интенсивдүүлүгүн арттыруу үчүн оюн технологиялары кеңири колдонулду.

Жогоруда айтылган теориялык көз караштарга негизденип эксперименттик иштерди жүргүзүүдө төмөнкүдөй милдеттерди чечүүнү көздөдүк:

- башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулук түшүнүктөрдү калыптандырууда элдик педагогиканын каражаттарын пайдалануунун шарттарын аныктоо;
- окуучуларда толеранттуулукту калыптандырууда элдик педагогиканын каражаттарын технологиясын иштеп чыгуу;
- башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруунун критерийлерин жана деңгээлдерин аныктоо;
- толеранттуулукту калыптандырууда окуучуларды бөтөн адамдардын жүрүм-турумунан толеранттуулук жүрүм-турумду көрө алууга жана аны баалай билүүгө көнүктүрүү.

Педагогикалык экспериментте изилдөө иши калыптандыруучу жана контролдук баптардан турду.

Экспериментке жалпысынан 624 окуучу катышты. Алардын ичинен улуту боюнча кыргыздар –580, өзбектер – 44. Анын ичинен эксперименттик класстарда – 318, (кыздар – 169, эркек балдар – 149), (кыргыздар – 294 (кыздар 158, эркек балдар-136), өзбектер – 24.(кыздар 11, эркек балдар-13).

Контролдук класстардын окуучулары – 306 (кыздар –163, эркек балдар – 143, (кыргыздар – 286, кыздар 152, эркек балдар-134), өзбектер – 20 (кыздар 11, эркек балдар-9)..

Калыптандыруучу экспериментти жүргүзүүнүн шарттары катары төмөнкүлөр эсептелинди:

- толеранттуулукту калыптандырууда жана элдик педагогиканын каражаттарын колдонууда башталгыч класстын окуучуларынын курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу;
- салттык жана инновациялык усулдарды эриш-аркак пайдалануу;
- тарбиялоонун жаңы технологияларын колдонууга басым жасоо.
- экспериментик материалдар катары 1-4-класстардын «Кыргыз тили», «Адабий окуу» жана «Адеп» окуу китептериндеги, кошумча адабияттардагы толеранттуулук идеяларына негизделген элдик педагогиканын каражаттары пайдаланылды.

Изилдөөнүн жүрүшүндө башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулуктун калыптангандыгынын критерийи катары төмөнкүлөр эсептелди:

- Адамдардын мамилесинен толеранттуулук жүрүм-турумду таба билүүсү;
- Толеранттуулук мазмундагы макалдарды айтуу, анын маанисин чечмелөө;
- Толеранттуулук темасында агемелешүү жана тиешелүү суроолорго жооп берүү;
- Тексттеги сунушталган окуядан толеранттуу жана интолеранттуу жүрүм-турумду ажырата билүүсү ж.б.


Башталгыч класстын окуучуларынын көпчүлүгү толеранттуулук түшүгүнүн толук мазмунун билишпейт. Аңгемелешүү учурунда алар сабырдуу жүрүш- туруштун жана кызматташтыктын маанисин макал-лакаптар, табышмактар, жомоктор ж.б. тапшырмалар аркылуу толук чечмелей алышпагандыктарын көрсөтүштү.

Педагогикалык эксперименттин жыйынтыгы башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулук түшүнүктөрүн өнүктүрүү керек экендигин аныктады, анын натыйжасында интерактивдүү методдорду жана формаларды колдонуу менен традициялык эмес сабактар жана тарбиялык иштер пландаштырылды. Аталган иш –чаралар өткөрүлгөндөн кийин окуучулардын толеранттуулук түшүнүктөрүнүн абалынын көрсөткүчтөрү № 3.1. таблицада берилди.

**Таблица 3.1. - Айыл мектептериндеги башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруунун көрсөткүчтөрү:**

| | Окуучулардын саны | **Өздөштүрүү деңгээли** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | жогору | % | орто | % | төмөн | % |
| Эксперименталдык класс | 112 | 53 | 47,1 | 51 | 45,8 | 8 | 7,1 |
| Контролдук класс | 116 | 35 | 29,7 | 49 | 42,4 | 32 | 27,9 |

Алынган натыйжалар диаграмма түрүндө 2-сүрөттө чагылдырылган.




**2-сүрөт. Толеранттуулукту калыптандыруунун көрсөткүчтөрү.**


Диаграммадагы айыл мектептеринен алынган маалыматтарды салыштырсак, эксперименттик класстагы жогорку денгээл эксперименттин аягында 47.1 %ды, ал эми контролдук класста 29,7 %ды түздү.

Эми шаар мектептеринин окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруу деңгээлинин өсүш көрсөткүчтөрүн аныктайбыз (таблица 3.2, 3-сүрөт).

**Таблица 3.2. - Шаар мектептериндеги башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруунун көрсөткүчтөрү:**

| | Окуучулар-дын саны | Өздөштүрүү деңгээли | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жогору | % | орто | % | төмөн | % |
| Экспери ментал-дык класс | 30 | 13 | 43,4 | 14 | 46,7 | 3 | 9,9 |
| Контрол дук класс | 28 | 10 | 35,7 | 13 | 46,5 | 5 | 17,8 |

Алынган натыйжалар диаграмма түрүндө 3-сүрөттө берилген:





**3-сүрөт - толеранттуулукту калыптандыруунун өсүү көрсөткүчтөрү.**

Диаграммадагы шаар мектептеринен алынган маалыматтарды салыштырсак, эксперименттик класстагы жогорку деңгээл эксперименттин аягында 43,4%ды, контролдук класста 35,7 %ды түздү.

**Таблица 3.3. - Окуучулардын толеранттуулук түшүнүктөрүн эксперименттен кийинки өздөштүрүү денгээли:**

| | Окуучулардын саны | **Өздөштүрүү деңгээли** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | жогору | % | орто | % | төмөн | % |
| Экспери-менттик класс | 314 | 145 | 46,2 | 108 | 34,4 | 61 | 19,4 |
| Контролдук класс | 310 | 69 | 22,7 | 127 | 40,8 | 114 | 36,5 |

Алынган натыйжалар диаграмма түрүндө 4-сүрөттө берилген:




**4-сүрөт - толеранттуулукту калыптандыруунун өсүү көрсөткүчтөрү.**

Эксперименттин аягында жогорку денгээл эксперименттик класста 46,2%ды, контролдук класста 22,7%ды түздү.

Жогорудагы таблицалар эксперименттик класстын окуучулары контролдук класстын окуучуларына салыштырганда толеранттуулукту өздөштүрүүсү жогору экендигин, жүргүзүлгөн эксперименттик иштердин натыйжалуулугун көрсөттү.

Башталгыч класстардын окуучуларында толеранттуулук түшүнүктөрдүн калыптануу деңгээлин тест аркылуу аныктоо көрсөткүчтөрдү берди.

Изилдөөдө аныкталгандай, элдик педагогиканын каражаттарын колдонуу башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруунун натыйжалуулугун арттырат.

Изилдөөдө гипотезабыз толугу менен ырасталды жана сунушталган технологиялардын натыйжалуулугу, аны мектеп практикасында колдонуу мүмкүн экендиги анык болду.

Изилдөөнүн жүрүшүндө:

- Макал-лакаптардагы, жомоктордогу, каада-салттардагы, үрп-адаттардагы ж.б. элдик педагогикадагы толеранттуулук идеяларды окуучулар терең өздөштүрөрү белгилүү болду.
- Башталгыч класстын окуучуларында элдик педагогиканын каражаттарын үйрөнүүгө болгон кызыгууну жаратары тастыкталды.
- Инновациялык технологияны (кичи топто, топ – топ менен иштөө ж.б.), талкуу усулун колдонуу толеранттуулук аң-сезимди жана жүрүм-турумду калыптандырууда натыйжалуу экендиги аныкталды.

- Башталгыч класстар үчүн жаңы муундагы окуу китептерин түзүүдө толеранттуулукка тарбиялоочу - жомокторду, макал-лакаптарды, каада-салттарды ж.б. тексттик материал катары көбүрөөк киргизүү зарылдыгы аныкталды.

Толеранттуулукту калыптандыруу моделине негизденип жүргүзүлгөн эксперименттик изилдөө башталгыч класстын окуучуларында элдик педагогиканын каражаттары аркылуу толеранттуулукту калыптандыруунун төмөнкүдөй педагогикалык шарттарын аныктап берди:

- Элдик педагогиканын каражаттарынын арасынан башталгыч класстын окуучуларынын курактык өзгөчөлүгүнө ылайыктарын тандоо жана колдонуу.
- Окуучулардын окуу-тарбия процессин уюштурууда толеранттуулук идеядагы элдик педагогиканын каражаттарын окуу материалы катары көбүрөөк колдонуу.
- Окутууда жана тарбия берүүдө салттык усулдарды жана инновациялык технологияларды эриш-аркак пайдалануу.
- Башталгыч класстын мугалимдеринин толеранттуулук түшүнүктөргө ээ болуусу.
- Окуу-тарбия процессинде талкуу, кичи топтордо иштөө, оюн усулдарын кеңири колдонуу.

Изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжалар окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоодо башталгыч класстын мугалимдери төмөнкүлөрдү эске алуусу зарыл экендигин айкындады:

- окуу-тарбия процессинде окуучуларга толеранттуу жүрүм-турум жөнүндө маалымат-тарды көбүрөөк берүүгө басым жасоо;
- окуучулардын толеранттуу жүрүм - турум боюнча түшүнүктөрүн такай кеңейтип жана тереңдетип баруу, толеранттуу жүрүм-турум жасоого оң мотивацияны калыптанды-руу.
- элдик педагогикадагы толеранттуулук идеяларга негизденип (жомокторду, макалдар-ды ж.б. пайдаланып), атайын тарбиялык иштерди жүргүзүү.

## Корутунду

Толеранттуулук түшүнүгүнүн жалпы мазмунун жана анын элементтерин “жакшылык”, “ынтымактуулук”, “ак ниеттүүлүк”, “токтоолук”, “көтөрүмдүүлүк”, “сабырдуулук”, “жардам берүү”, “адамды сыйлоо-урматтоо” түшүнүктөрү түзөт. Толеранттуулукту калыптандырууда «Кыргыз тили», «Адабий окуу», «Мекен таануу», «Адеп» ж.б. окуу китептериндеги жана кошумча адабияттардан топтолгон окуу материалдары катары элдик педагогиканын каражаттары: макал-лакаптардагы, табышмактардагы, жомоктордогу, каада-салттардагы ж.б. толеранттуулук идеялар түзөрү белгилүү болду. Изилдөөдө алынган натыйжалар башталгыч класстын окуучуларын толеранттуулукка тарбиялоодо элдик педагогиканын материалдары негизги каражат катары кызмат кыларын далилдеди.

Педагогикалык-психологиялык адабияттарды талдоо жана элдик педагогиканын негизинде толеранттуулукту калыптандыруу боюнча жүргүзүлгөн эксперимент окуу-тарбия процессинде башталгыч класс окуучуларынын курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу, окуу материалдары катары элдик педагогиканын каражаттарындагы толеранттуулук идеяларды системалуу пайдалануу, педагогикалык жаны технологияларды колдонуу толеранттуулукту калыптандыруунун натыйжалуулугун арттырарын көрсөттү. Башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруунун илимий-усулдук негизине таянуу: толеранттуулукту калыптандырууда салт усулдар: түшүндүрүү, айтып берүү, аңгемелешүү ж.б. макалдар менен иштөө жана педагогикалык жаңы технологиялар: талкуу, кичи топтордо иштөө, жуп-жубу менен иштөө, кластер түзүү жана оюн технологиялары ж.б. эриш-аркак пайдалануу өзүнүн оң натыйжасын берери эксперименттик иштерде аныкталды.

Эксперименттик изилдөөдө башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруунун негизги шарты катары окуу жылында такай класста жана класстан

тышкаркы тарбиялык иштерди жүргүзүү эсептелинери; элдик педагогиканын каражаттарындагы толеранттуулук идеядагы окуу материалдарын табуу, тандоо, топтоо жана колдонуу; макал-лакаптарды пайдаланууда усулдардын комплексин пайдалануу зарыл экендиги далилденди.

Толеранттуулукту калыптандыруучу тапшырмалардын иштелип чыгылышы, «Кыргыз тили», «Адабий окуу», «Мекен таануу», «Адеп» сабактарында элдик педагогиканын каражаттарын окуучуларга үйрөтүүдө жана класстан тышкаркы тарбиялык иштерде интерактив технологияларды колдонуу, окуу-тарбия процессинде толеранттуулук түшүнүктөрдү системалуу түрдө үйрөтүп баруу толеранттуулукту калыптандыруунун натыйжалуу болорун шарттап турары аныкталды.

Изилдөөнүн жүрүшүндө биз төмөндөгүлөргө жетиштик:

- башталгыч класстын окуучуларынын жана мугалимдеринин толеранттуулук жөнүндө түшүнүктөрүнүн деңгээли аныкталды, толеранттуулук көндүмдөрдү калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери, технологиялары иштелип чыгылды жана эксперименттин жүрүшүндө толеранттуулукту калыптандыруу ишке ашырылды;
- эксперименттин жүрүшүндө окуучулар толеранттуулук түшүнүгүнө ээ болуу менен бирге, адамдардын өз ара мамиле маданиятын үйрөнүштү, коомдогу элдердин ортосундагы мамиле жөнүндө түшүнүккө ээ болушту;
- макал-лакаптар аркылуу башталгыч класстын окуучуларын толеранттуулукка тарбиялоо боюнча усулдук колдонмо иштелип чыгылды.

Изилдөөдө коюлган милдеттердин аткарылышы, илимий божомолдоолордун туура экендигин далилдеди.

Эксперименттин натыйжалары окуучуларда толеранттуулук түшүнүктөрдү калыптандырууда төмөнкү педагогикалык принциптерди жетекчиликке алуу зарыл экендигин көрсөттү:

- башталгыч класстын окуучуларына билим берүүнү толеранттуулук таалим-тарбиялоо менен айкалыштырып жүргүзүү;
- толеранттуулук таалим-тарбиялоону рухий-адептик тарбия менен айкалыштыруу;
- макалдарды үйрөтүүнү системалуу жана ырaатуу түрдө жөнөкөйдөн татаалды көздөй жүргүзүү;
- кыргыз элдик педагогикасынын каражаттарын пайдаланууда окуучулардын курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу.

Изилдөө башталгыч класс үчүн окуу китептерин түзүүдө элдик педагогикадагы толеранттуулук идеядагы материалдарды көбүрөөк кийирүү зарыл экендигин көрсөттү.

Албетте, биздин изилдөөдө коюлган милдеттердин баары аныкталганы менен, изилдөөгө алынган маселенин бүт баарын камтыган жок. Мындан аркы темага байланыштуу изилдөөлөр төмөнкүдөй проблемаларга арналышы мүмкүн:

- толеранттуулукка тарбиялоодо окуучулардын гендердик өзгөчөлүктөрүн эске алуу.
- өспүрүм курактагы окуучуларды жана жогорку класстын окуучуларын толеранттуулукка тарбиялоо атайын изилдөөгө алынышы.

**Диссертациянын негизги жыйынтыктары төмөнкү эмгектерде жарыяланды:**

**Окуу-усулдук колдонмолор:**

1. Миталипов,К.М. Кенже класс окуучуларын макал-лакаптар аркылуу толеранттуулукка тарбиялоо [текст] / К.М.Миталипов //Башталгыч класстын мугалимдери үчүн усулдук колдонмо. – Ош .– 2008. – 96 б.
2. Миталипов, К.М. Үй – бүлөдөгү мектепке чейинки бала тарбиясы [текст] / Т. Касымов, К.М.Миталипов // Бийиктик басмаканасы. Бишкек. -2010. – 146 б .

**Макалалар:**

3. Миталипов, К.М. Башталгыч класстардын предметтерин окутуу боюнча усулдук бирик-месин окутуунун жаңыча технологиясын эске алуу менен уюштуруу [текст] /

К.М.Миталипов // Материалы международной конференции «Модернизация высшей школы в переходный период: состояние и перспективы» к 50 летию КГПУ им. И.Арабаева. т. 2.– Б.– 2002. – С. 296-298.

4. Миталипов, К.М. О роли новой педагогической технологии в преподовании педагогических дисциплин в ВУЗе [текст] / Н.С.Темиров, К.М.Миталипов, С. С. Отаханов // Материалы международной конференции «Модернизация высшей школы в переходный период: состояние и перспективы» к 50 летию КГПУ им. И.Арабаева. т. 2.– Б.– 2002. – С. 346 -347.
5. Миталипов,К.М. Кыргыздардын жана өзбектердин элдик педагогикасындагы жалпылыктарды жана өзүнчөлүктөрдү изилдөө маселелери / М.С.Мурзаев, К.М.Миталипов // Республикалык илимий - теориялык – конференциянын материалдары – Ош. -2005. – 99 – 102 б.
6. Миталипов,К.М. Общность народной педагогики как средтсво формирования этнической толерантности [текст] / М.С.Мурзаев, К.М.Миталипов // Халк таьлими. – Ташкент. – 2006.– № 6. – С. 151-154.
7. Миталипов,К.М. Этникалык толеранттуулукту калыптандыруунун психологиялык негизи [текст] / К.М.Миталипов // ОшМУнун жарчысы. Ош.– 2006. – № 4 –67-68-б.
8. Миталипов, К.М. Элдик педагогика – окуучуларды толеранттуулукка тарбиялоонун негизи [текст] / К.М.Миталипов // Наука и новые технологии. – Б. –2006. – № 7, 8. – С. 209-210.
9. Миталипов, К.М. Психолого-педагогические особенности формирования толерантности в условиях независимости [текст] / К.М.Миталипов, М.С.Мурзаев // Узбекский научно исследовательский институт педагогических наук им. Кары Ниязи // Материалы Республиканской научно-практической конференции. – Ташкент. – 2006 –С.57-59.
10. Миталипов,К.М. Кыргыз жана өзбек элдеринин макал-лакаптардагы толеранттуулукка тарбиялоо идеялары [текст] /К.М.Миталипов, М.С.Мурзаев // И.Арабаевдин 125 жылдыгына карата илимий-практикалык конференциянын материалдары. Вестник КГУ им.И.Арабаева. Выпуск – Б.–2007. – № 10. –С. 313-315.
11. Миталипов, К.М. Проблемы формирования толерантного сознания и поведения младщих школьников на основе народной педагогики [текст] /К.М.Миталипов, М.С.Мурзаев, А.Маматов // Республика илимий-амалият анжуман материаллари. –Фергана. - 2007. – С. 75-77.
12. Миталипов,К.М Кыргыздардын жана өзбектердин элдик педагогикасындагы жалпылыктар [текст] / К.М.Миталипов // Вестник ОшГУ. – Ош. – 2007. – №6. –С. 55-58.
13. Миталипов,К.М. Толеранттуулукка тарбиялоонун зарылдыктары [текст] / К.М.Миталипов // Вестник ОшГУ. – Ош. – 2007. – №6. –С. 50-53.
14. Миталипов, К.М. Яшларни толерантлик рухида тарбиялаш муоммолари [текст] / К.М.Миталипов // республика илмий-амалият анжумани материаллари. – Фергана. – 2008 – С. 102-104.
15. Миталипов,К.М. Халк педагогикаси асосида кичик мактаб яшидаги болаларнинг толерантлик онгини ва хулк авторини шакллантириш муоммалари [текст] / К.М.Миталипов, М.С.Мурзаев // Республика илмий-амалий анжумани материаллари. – Фергана. –2008 – С. 121-123.
16. Миталипов, К.М. Толеранттуулук жана толеранттуулукка тарбиялоо [текст] / К.М.Миталипов // Вестник ОшГУ. Материалы пятой международной научной конференции к 80-летию со дня рождения Чынгыза Айтматова. – Ош. 2008. – С. 133-134.
17. Миталипов, К.М. Проблемы толерантного воспитания средствами народной педагогики [текст] / К.М.Миталипов // Известия вузов. –Б. –2010. – № 2. –С. 246-247.
18. Миталипов,К.М. Кыргыз элдик педагогикасынын негизинде толеранттуулукту калыптандыруу маселелери [текст] / Д.Б.Бабаев, К.М.Миталипов // Известия вузов. –Б. – 2010. – № 6. –С. 210-212.

19. Миталипов,К.М. Кыргыздардын элдик педагогикасындагы толеранттуулукка тарбиялоо идеялары [текст] / Д.Б.Бабаев, К.М.Миталипов // Наука и новые технологии. –Б. – 2011. – № 7. –С. 273-275.

Миталипов Камалидин Миталиповичтин 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча «Элдик педагогиканын негизинде башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруу» аттуу диссертациялык изилдөөсүнө


**Р Е З Ю М Е**

**Түйүндүү сөздөр:** башталгыч билим берүү, башталгыч класстын окуучулары, толеранттуулук, толеранттуулукту калыптандыруу, окутуунун инновациялык технологиялары, элдик педагогика, элдик педагогиканын негизинде толеранттуулукту калыптандыруу технологиялары, элдик педагогиканын каражаттары, дидактикалык процесстер, тарбиялык иштер.

**Изилдөөнүн обьектиси:** башталгыч класстардагы окуу-тарбия процесси.

**Изилдөөнүн максаты:** башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулук түшүнүктөрүн, көндүмдөрүн калыптандыруунун шарттарын аныктоо жана аны илимий-методикалык жактан негиздөө, практикада колдонуунун жолдорун, ыкмаларын иштеп чыгуу.

**Изилдөө методдору**: *теориялык метод:* философиялык, психологиялык-педагогикалык жана методикалык адабияттарды изилдөө, аларды теориялык жактан талдоо; *эмпирикалык метод:* педагогикалык байкоо, аңгемелешүү, анкета жүргүзүү, тестирлөө; интерактивдүү технологияларды, каражаттарды, уюштуруу формаларын моделдештирүү жана атайын программаларды түзүү; педагогикалык эксперимент жана анын жыйынтыктарын талдоо; изилдөөнү жыйынтыктоодо математикалык статистиканын методдорун колдонуу.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**: элдик педагогиканын негизинде башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруунун мазмуну аныкталды жана элдик педагогикадагы толеранттуулук идеялар, толеранттык таануу, кабыл алуу, түшүнүү сыяктуу түшүнүктөргө мазмундук жактан тактоолор киргизилди жана тастыкталды; башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруунун педагогикалык шарттары жана жүрүш-турушту интерактивдүү технологиялары аныкталып, ал окуу-тарбия процессине киргизилди; элдик педагогиканын негизинде башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруунун модели негизделди жана иштелип чыкты, анын негизги көрсөткүчтөрү жана денгээлдери аныкталды; окуучуларда толеранттуулук түшүнүктөрүн калыптандыруунун негизги компоненттери жана технологиялары иштелип чыкты, методикалык сунуштардын натыйжалуулугу педагогикалык эксперимент аркылуу далилденди;

**Колдонуу чөйрөсү:** Элдик педагогикалык салттарды, каражаттарды, тарбия усулдарын жана ыкмаларын мектептердин иш практикасына кийирүүгө өбөлгө түзүлдү. элдик педагогиканын каражаттарын пайдалануу менен башталгыч класстын окуучуларында толеранттуулукту калыптандыруунун технологиясы иштелип чыгылды жана аны мектептерде колдонуу боюнча мугалимдер үчүн методикалык сунуштар берилди; ЖОЖдун «Педагогика жана БББУ» адистигинин студенттери жана башталгыч класстын мугалимдери үчүн «Кенже класс окуучуларын макал-лакаптар аркылуу толеранттуулукка тарбиялоо» аттуу окуу-усулдук колдонмо жазылып, толеранттуулукту калыптандыруучу тарбиялык сабактардын, усулдардын топтому даярдалды; иштелген сунуштар ЖОЖдун студенттеринин педагогикалык практикасын уюштурууда жана «Тарбиялоо иштеринин методикасы» курсунун практикалык сабактарын окутууда пайдаланылат.

# Р Е З Ю М Е

диссертации Миталипова Камалидина Миталиповича на тему «Формирование толерантности у учащихся начальных классов на основе народной педагогики» на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.01 – общая педагогика, история педагогики и образования.

**Ключевые слова:** начальное образование, учащиеся начальных классов, толерантность, формирование толерантности, технология формирования толерантности на основе народной педагогики, средства народной педагогики, дидактические процессы, воспитательная работа.

**Объект исследования:** учебно-воспитательный процесс в начальных классах.

**Цель исследования:** определение и теоретическое обоснование условий формирования понятий о толерантности у учащихся начальных классов и навыков их использования, а также разработка путей и методов их практического применения.

**Методы исследования:** *теоретический метод* – изучение и теоретический анализ философской, психолого-педагогической и методической литературы; *эмпирические методы* – педагогическое наблюдение, беседа, анкетирование, тестирование; моделирование интерактивных технологий, средств, форм организации и составление специальной программы; педагогический эксперимент и анализ его результатов, применение методов математической статистики при подведении итогов исследования.

**Полученные результаты и их научная новизна:**

- определено содержание формирования толерантности у учащихся начальных классов на основе народной педагогики и введены и подтверждены содержательные уточнения к таким понятиям как толерантные идеи в народной педагогике, толерантное познание, восприятие, понимание;
- определены педагогические условия формирования толерантности у учащихся начальных классов и интерактивные технологии, которые внедрены в учебно-воспитательный процесс;
- обоснована и разработана модель формирования толерантности у учащихся начальных классов на основе народной педагогики, определены ее основные показатели и уровни;
- разработаны основные компоненты и технологии формирования у учащихся понятий о толерантности, эффективность методических рекомендаций доказана путем педагогического эксперимента.

**Область применения:** созданы предпосылки внедрения в школьную практику народно-педагогических традиций, средств, воспитательных методов и приемов. Разработаны технологии формирования толерантности у учащихся начальных классов с применением средств народной педагогики и даны методические рекомендации учителям начальных классов по их использованию в школьной практике; разработано методическое пособие «Кенже класс окуучуларын макал-лакаптар аркылуу толеранттуулукка тарбиялоо» (Воспитание толерантности учащихся младших классов посредством пословиц и поговорок) для учителей начальных классов и студентов вузов специальности «Педагогика и методика начального образования», подготовлен сборник воспитательных мероприятий, формирующих толерантность; рекомендации могут использоваться при проведении педагогической практики студентов вузов и практических занятий спецкурса «Методика воспитательной работы».

## RESUME

Dissertation research of Mitalipov Kamalidin Mitalipovich on theme: «Forming tolerance of junior schoolchildren on the basis of National Pedagogics» on specialty 13.00.01-General pedagogics, history of pedagogics and education.

**Keywords:** elementary education, junior schoolchild, tolerance, forming tolerance, technology of forming tolerance on the basis of national pedagogics, national pedagogics of communication facilities, didactic processes, lesson.

**Object of research**: teaching process and upbringing of junior schoolchildren.
**Subject of research:** forming tolerance of junior schoolchildren on the basis of national pedagogics.
**Purpose of research:** Theoretical justification contents of national pedagogics in forming tolerance of junior schoolchildren and working out of technology their practice use.
**Methods of research:** observations, talk, questionnaire, pedagogical (constate and forming) experiment, statistical methods.
**Scientific novelty and theoretical meaningfulness of research consist in**:- disclosure of theoretical basis for using national pedagogics in forming tolerance of junior schoolchildren on the basis of national pedagogics;
-Content test and technology of forming tolerance of junior schoolchildren on the basis of National Pedagogics;
-Working out the theoretical basis for complex of lessons and methods for using national pedagogics of communication facilities in forming tolerance of junior schoolchildren.
**Practical implications consist:**
-In working out of methodical recommendation for teachers of initial classes for using traditions and national pedagogics of communication facilities in forming tolerance of junior schoolchildren;
-Working out the textbook of methodics for teachers of initial classes received results can use in learning special courses «Method of educational work» and «Etnopedagogics».